# ОРВЕГ

# ДАРЫ КАРАЖАТЫН МЕДИЦИНАДА КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА

**Соодадагы аталышы**
Орвег
**Эл аралык патенттелбеген аталышы**
Орнидазол
**Дарынын түрү**
Жука чел кабык капталган таблеткалар.
**Курамы**
Ар бир жука чел кабык капталган таблетка төмөнкүлөрдү камтыйт:
*Активдүү зат:*
Орнидазол 500 мг
*Көмөкчү заттар:* суусуз коллоиддүү кремний диоксиди, повидон (PVPK-30), микрокристаллдуу целлюлоза, жүгөрү крахмалы, паста үчүн жүгөрү крахмалы, метилгидроксибензоат, пропилгидроксибензоат, тазартылган тальк, магний стеараты, натрий крахмалгликоляты (А тиби), стеропакс, гипромеллоза (гидроксипропилметилцеллюлоза), макрогол (Полиэтиленгликоль 6000), титан диоксиди, тартразин.
**Сүрөттөмөсү**
Жука чел кабык капталган, сүйрү формада, эки жагы томпок, сары таблеткалар.
**Фармадарылык тобу**
Антисептиктер жана гинекологиялык ооруларды дарылоо үчүн микробдорго каршы препараттар. Антисептиктер жана кортикостероиддер менен айкалыштарын кошпогондо, гинекологиялык ооруларды дарылоо үчүн микробдорго каршы препараттар. Имидазолдон алынгандар. Орнидазол.
**АТХ коду:** G01AF06.
**Фармакологиялык касиеттери**
***Фармакодинамикасы***
Орнидазол — бактерияга каршы жана протозойго каршы таасирге ээ дары каражаты. Препараттын таасир берүү механизми орнидазолдун молекулаларынын нитротобу микроорганизмдердин ферменттеринин таасири астында калыбына келүүчү жөндөмдүүлүгүнө негизделген. Калыбына келген нитротоп бактериянын ДНКсы менен комплекстүү биригүүнү пайда кылат, анын натыйжасында ДНКнын репликация жана транскрипция процесстеринин бузулушу белгиленет. Андан тышкары, орнидазол цитотоксиндүү таасир көрсөтөт жана микроорганизмдердин клеткалык дем алуу процесстерин бузат. Ошону менен, препарат бактерициддик жана бактериостатикалык таасир көрсөтөт.
Препарат Trichomonas vaginalis, Entamoeba histolytica, Lamblia intenstinalis (Giardiaintestinalis), Gardnerella vaginalis, Bacteroides, Clostridium spp., Fusobacterium spp. жана анаэробдук кокктор менен пайда болгон инфекциялык этиологиядагы ар кандай ооруларда натыйжалуу.
Helicobacter pylori штаммдарынын айрымдарына карата активдүүлүгү белгиленген.
***Фармакокинетикасы***
Сиңирүү: пероралдык кабыл алгандан кийин орнидазол тез сиңет. Орточо сиңирүүсү 90% түзөт. Плазмада эң жогорку концентрациясына 3 сааттын чегинде жетет.
Бөлүштүрүү: орнидазолдун белоктор менен байланышы 13%га жакынды түзөт. Орвегдин активдүү заты мээ жүлүн суюктугуна, организмдин башка суюктуктарына жана ткандарга абдан жакшы өтөт.
Плазмада орнидазолдун концентрациясы препаратты колдонууга ар кандай көрсөтмө үчүн оптималдуу диапазондо турат (6-36 мг/л).
Дени сак ыктыярчылардын ар бир 12 саат сайын 500 мг же 1000 мг дозасында көп жолу кабыл алуусунан кийин топтолуу коэффициенти 1.5-2.5 барабар болгон.
Зат алмашуу: орнидазол негизинен 2 - гидроксиметил жана а - гидроксиметил метаболиттерин пайда кылуу менен боордо зат алмашат. Өзгөрбөгөн орнидазолго караганда эки метаболит Trichomonas vaginalis жана анаэробдуу бактерияларга карата азыраак активдүү.
Бөлүп чыгаруу: жарым жартылай бөлүп чыгаруу мезгили 13 саатка жакынды түзөт. Бир жолу кабыл алгандан кийин дозанын 85% биринчи 5 күн ичинде негизинен метаболиттер түрүндө бөлүнүп чыгат. Кабыл алынган дозанын 4%га жакыны бөйрөк аркылуу өзгөрбөгөн түрдө бөлүнүп чыгат.
**Колдонууга көрсөтмө**
- трихомониаз (клиникалык айкын жана симптому жок);
- амёбиаз: дизентерия амёбасы, ичегиден сырткары амёбиаз (анын ичинде дизентерия амёбасынын курч формасы жана боордун же мээ ткандарынын амёбалык абсцесси);
- лямблиоз жана балантидиоздун курч жана өнөкөт формалары;
- анаэробдук микроорганизмдер менен пайда болгон жугуштуу ооруларды дарылоо, жана операциялык кийлигишүүлөрдү жүргүзүүдө, анын ичинде гинекологиялык операцияларды кошкондо, инфекциялык оорлошууларды алдын алуу;
- бактериялык вагинозду комплекстүү дарылоо үчүн;
- ашказан жана 12 эли ичегинин жара оорусун комплекстүү дарылоо.

**Каршы көрсөтмө:**
- өтө сезгичтик;
- кош бойлуулук мезгили (I үч айлык);
- бала эмизүү мезгили, эгерде көрсөтмө боюнча орнидазолду колдонуу зарыл болсо, сүттү саап жок кылуу керек. Препаратты кабыл алуу бүткөндөн 48 сааттан кийин гана баланы эмизүүгө болот.

*Этияттык менен:* БНС оорулары мисалы, талмасы, баш мээсинин жабыркашы, энөө склерозу бар бейтаптарга этияттыкты сактоо керек. Боору жабыркаган оорулууларда, алкоголду ашкере ичкендерде, кош бойлууларда, бала эмизген энелерде жана балдарда сунушталган дозаларды ашырууда белгилүү тобокелдиги бар.
**Кош бойлуулук жана бала эмизүү мезгили**
Жаныбарлардын ар кандай түрлөрүнө жүргүзүлгөн ар тараптуу изилдөөлөрдө препараттын түйүлдүккө тератогендик жана уулуу таасири аныкталган эмес. Кош бойлуу аялдарда көзөмөлдөнүүчү изилдөөлөр жүргүзүлгөн эмес. Бирок Орвег жалпы медициналык себептер боюнча кош бойлуулуктун баштапкы мезгилдеринде же бала эмизген энелерге абсолюттук көрсөтмө боюнча гана дайындалат.

**Колдонуу жолу жана дозасы**
Таблетканы тамактан кийин, пероралдык, бүтүн бойдон, чайнабай жана майдалабай жетиштүү өлчөмдөгү суу менен ичүү сунушталат.
Бирдей убакыт аралыгында кабыл алуу сунушталат. Дарылоо курсунун узактыгын жана препараттын дозасын оорунун мүнөзүнө жана бейтаптын жеке өзгөчөлүгүнө жараша дарылаган дарыгер жеке аныктайт.
Трихомониаз:
1 таблеткадан суткасына 2 жолу 5 күн бою.
Кайра жугузуу мүмкүндүгүн жоюу үчүн, бардык учурларда жыныстык өнөктөш микробиологиялык тесттердин жыйынтыктарына көз карандысыз ушундай эле дарылоо курсун алышы керек.
Балдар үчүн суткалык доза дене салмагына 25 мг/кг түзөт жана бир жолу кабыл алууга дайындалат.
Амёбиаз:
Дарылоого мүмкүн болгон схемалар: дизентерия амёбасы бар оорулууларды дарылоонун үч күндүк курсу жана амёбиаздын бардык формаларында 5-10 күндүк дарылоо курсу.

| Дарылоонун узактыгы | Суткалык дозасы | |
|---|---|---|
| | Дене салмагы 35 кг жогору чоңдор жана балдар | Дене салмагы 35 кг чейин балдар |
| 3 күн | 3 таблетка кечинде кабыл алууга. Дене салмагы 60 кг дан жогоруда 4 таблетка (2 таблеткадан эртең менен жана кечинде) | Дене салмагы 40 мг/кг бир жолу кабыл алуу |
| 5-10 күн | 2 таблеткадан (1 таблеткадан эртең менен кечинде) | Дене салмагы 25 мг/кг бир жолу кабыл алуу |

Лямблиоз:
дене салмагы 35 кг жогору болгон чоңдор жана балдар: 3 таблетка бир жолу кечинде;
дене салмагы 35 кгдан азыраак болгон балдар: суткасына бир жолу 40 мг/кг, дарылоо узактыгы 1-2 күндү түзөт;
чоңдорго операциялык кийлигишүүлөрдү жүргүзүүдө анаэробдук бактериялардан пайда болгон инфекциялык ооруларды алдын алуу үчүн, адатта операцияны жүргүзүү алдында 0,5-1,0 г препаратты дайындайт, андан кийин препарат 0,5гдан күнүнө 2 жолу 3-5 күн ичинде кабыл алынат;
чоңдорго бактериялык вагиноздо адатта 0,5г препарат күнүнө 2 жолу дайындалат. Курстун узактыгы адатта 5 күндү түзөт.
**Кыйыр таасири**
Начар байкалгандар: уйкусуроо, баш оору жана ашказан-ичеги бузулуулары (окшуу). Айрым учурларда - баш айлануу, титирөө, катып калуу, координациянын бузулушу, карышуулар, чарчоо, акыл-эсти убактылуу жоготуу, сенсордук жана аралашкан четки нейропатия сыяктуу БНС тарабынан бузулуулар. Даам сезүүнүн бузулушу, боор функционалдык сынамдарынын өзгөрүшү учурлары, тери реакциялары жана өтө сезгичтик реакциялары байкалган.
**Ашыкча доза**
Симптомдору: «Кыйыр таасирлери» бөлүгүндө айтылган симптомдор, бирок андан айкын формада.
Дарылоо: атайын антидоту белгисиз; дозасынан ашырууда оору белгилерин жоготууга багытталган дарылоо көрсөтүлөт.
Карышууларда - диазепам.
**Башка дары каражаттары менен өз ара таасири**
Башка препараттар менен бир убакта колдонууда кумарин катарындагы антикоагулянттардын дарылык таасирин күчөтөт. Бул препараттарды айкалыштырып колдонуу зарыл болгондо антикоагулянттардын дозасын тууралоо керек.
Орнидазол векуроний бромидинин миорелаксанттык таасиринин узактыгын жогорулатат.
Ацетальдегиддегидрогеназанын активдүүлүгүн баспайт.
Боор ферменттеринин микросомалдык индукторлорун Орнидазол препараты менен бир убакта колдонууда активдүү заттын концентрациясын азайтат. Боор ферменттеринин микросомалдык индукторлору менен препаратты айкалыштырып колдонууда орнидазолдун концентрациясынын жогорулашы белгиленет.
**Чыгаруу формасы**
Ар бир алу-ПВХ блистеринде жука чел кабык капталган 10 таблетка.
1 блистер колдонуу боюнча нускамасы менен бирге картон таңгакта.
**Сактоо шарты**
Кургак, жарык тийбеген жерде 25°С дан жогору эмес аба табында сакталат.
Балдар жетпеген жерде сактоо керек.
**Жарактуулук мөөнөтү**
3 жыл. Жарактуулук мөөнөтү бүткөндөн кийин колдонууга болбойт!
**Берүү шарты**
Рецепт боюнча.


**Соода маркасынын жана каттоо күбөлүгүнүн ээси:**
VEGAPHARM LLP
Suite 1, 5 Percy Street,
London, W1T 1DG, UK (Улуу Британия)

**Өндүрүүчү:**
UNIMAX LABORATORIES
Plot No.07, Sector 24, Faridabad,
Haryana, India (Индия)

**Кыргыз Республикасынын аймагында керектөөчүлөрдөн продукциянын (товардын) сапаты боюнча дооматтарды кабыл алуучу уюмдун дареги:**
«Aman Pharm» (Аман Фарм) ЖЧК, Кыргызстан Республикасы, Бишкек шаары,
Шооруков көч. 36.
Тел: (0312) 560466, E-mail: aman.pharm12@gmail.com